**Мурзаев Низамидин Токтобековичтин «Дилбаян жазуу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

Адабият мектепте көркөм чыгармаларды окутуп-үйрөтүүчү ишмердикке негизделген предмет. Окуучулардын сөз өнөрүн кабыл алууга, көркөм маданияттын эстетикалык табитин оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө, чыгармачылык жан дүйнөсүн байытууга, руханий сезимин көтөрүүгө багытталган. Бул предмет мектеп практикасындагы негизги сабактардын бири. Дал ушул өңүттөн алып караганда, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы система катарында үйрөтүүнүн максатын, анын мазмунун, методдорун, каражаттарын жана формаларын өз ичине камтыйт эмеспи, ошого жараша аталган илимдин актуалдуу көйгөйлөрү көп.

Кыргыз элинде калыптанган педагогикалык көрөңгөлөрдү окутуу процессине аралаштыруу менен катар эле, дүйнөлүк билим берүүдө иштелип чыккан, өзүнчө билим берүү концепциясы, же теориясы катары практикадан өткөн илимий-практикалык иштерди, педагогикалык-дидактикалык ой-корутундулардын алгылыктууларын пайдалануу учурдун талабы экендиги талашсыз.

Муну натыйжалуу жүзгө ашыруу үчүн мугалим өзүнүн үйрөтүү ишмердүүлүк табиятын өстүрүүгө жана адабий-дидактикалык булактардын негиздерин тереңдетүүсү зарыл.

Ошондой маселелердин бирине, дилбаян жазуу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү методикасы эмгеги ишенимдүү илимий-теориялык жыйынтыктарды чыгаргандыгы менен баалуу.

Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, 3 главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден уюштурулган.

Диссертациянын биринчи главасы “Дилбаян аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн жалпы маселелери” - деп аталып, дилбаяндын окуучуну чыгармачылыкка тарбиялоодо, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн калыптандырууда, чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдөгү маанисине, кызматына токтолуп, анализдеп, дилбаян окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн эң маанилүү формасы, мазмуну жана каражаты экендиги көрсөтүлгөн.

Диссертациянын 26-бетинде: “Мектеп дилбаянын жаздыруунун педагогикалык башкы максаты адам, жаратылыш, коом боюнча билимдерин өнүктүрүүгө жана туура пайдаланууга багыттоого, коомдук, моралдык, этикалык, эстетикалык, философиялык баалуулуктарды билүүгө, аларды сыйлоого, адамзаттык, улуттук рухий дөөлөттөр менен тааныштырууга, алар менен азыктандырууга, адамдык, атуулдук, патриоттук, улуттук, интернационалисттик, гуманисттик сезимдерин туура багытта өркүндөтүүгө, эмгекти сүйүүгө тарбиялоого, маселени өз алдынча чечип, ар бир ишке чыгармачылык менен мамиле кылууга окуучуларды көнүктүрүү болуп саналат” - деп белгилеп өткөн.

Мектеп дилбаянын жүргүзүүнүн адабиятты окутуудагы предметтик максаты болуп окуучунун адабият боюнча билимин калыптандыруу, тереңдетүү, алган билимин эсте калтыруу, коомдук моралдык, этикалык, эстетикалык баалуулуктарга, турмушка болгон көз карашын өнүктүрүү, окуучунун оозеки кеби, сүйлөшүүсү менен жазуу маданиятын жакшыртуу (өз алдынча ой жорууга, фактылар менен иштөө, талдоо, жыйынтык чыгаруу) чыгармачылык менен эмгектенүүгө тарбиялоо болуп эсептелет.

Диссертациянын 42-бетинде: “Дилбаян жазуу кыргыз тили жана адабияты предметтерин окутууда билим берүүчүлүк максаттан башка

сабаттуулугу дилбаян жазуунун негизи болот. Окуучу аларды өздөштүрүп, дилбаянында чыгармачылык менен пайдаланганда гана чыгармачылыгын өнүктүрө алат. Изилдөөнүн максат-милдетине ылайык теориялык төмөнкүдөй методдор колдонулган: билим берүүгө, кыргыз адабиятын окутууга арналган нормативдүү документтерди үйрөнүү, илимий методикалык эмгектерди талдоо, салыштыруу, практикалык тажрыйбаларды талдоо, салыштыруу, жалпылаштыруу, сурамжылоо, аңгемелешүү, окуучулардын жазган дилбаяндарын талдоо жана алардын ичинен чыгармачылык менен жазылган дилбаяндардын санын аныктоо аркылуу чыгармачылыкка умтулусун аныктоо, үйрөнүү, колдонуу керектигине анализ жүргүзүлгөн.

Үчүнчү главада дилбаян жаздыруу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн методикасы, адабияттык окуу курсунда (V-VII класстар) дилбаян жаздыруу менен окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн формалары жана методдору, системалык курска жакындатылган адабияттык окуу курсунда (VIII- IX класстар) дилбаян жаздыруу, талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары, адабияттын системалык курсунда (X-XI класстар) дилбаян жаздыруу, талдоо, текст менен иштөө аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн педагогикалык негиздери талдоого алынган.

Диссертациянын 112-бетинде: «Дилбаян жаздыруу менен окуучунун билиминин деңгээлин жана адам катары да канчалык өскөнүн, чыгармачылык ишмердүүлүгү канчалык өрчүгөнүн билүүгө болот. Дилбаян жаздыруунун жеке максаты катары окуучунун билим деңгээлин билүү коюлса да,чыныгы педагог үчүн окуучунун адамдыгынын өсүшү маанилүү. Дилбаянды жазуу менен окуучунун билими гана бекемделбестен, адамдык сапаты,тарбиясы да өрчүйт, позициясы бекемделет. Айрыкча,

патриоттуулукка тарбиялоодо жомоктон артык курал жок» - деп баса белгилеген.

Ал менен катар, көркөм текстти сөзсүз окуу жана аны билүү, темага ылайык дилбаяндын мазмунун туура ачуу, өзүнүн ой-пикирин билдирүү, ырааттуу жана сабаттуу жазуу, дилбаян боюнча бардык класстарга коюлуучу бирдей талаптар жана ушуга байланыштуу аткарылуучу жумуштар дилбаян жазуунун педагогикалык-методологиялык негизи экениндигин жазып өткөн.

Изилдөөнүн корутунду-сунуштары ишенимдүү жасалган, алар коюлган милдеттердин чечилишине баш ийдирилген.

Изденүүчү Н.Т. Мурзаев изилдөөгө жаңыча мамиле кылып, көтөрүлгөн бардык көйгөйлөрдү бүгүнкү күндүн талабына ылайык иштеп чыгууга жетишкен.

Илимий эмгек боюнча айрым бир сунуштарды айта кетсек:

1. Дилбаяндын жанрдык өзгөчөлүгү, типтери боюнча түшүндүрмө берилбей калган.
2. Эксперименттин жүрүшүндө жазылган эң мыкты дилбаяндардын үлгүлөрү көбүрөөк берилсе жакшы болмок.

Бул айтылгандар диссертациянын илимий-методикалык аппаратына, түзүлүшүнө, жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт. Диссертация өз алдынча аткарылган илимий-изилдөө иш катары саналат жана диссертант алдына койгон милдеттерин толук аткара алган деп эсептөөгө болот.

**Жыйынтыктап айтканда,** Мурзаев Низамидин Токтобековичтин «Дилбаян жазуу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферат Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10. пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн

автору Н.Т.Мурзаев аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент, педагогика
илимдеринин кандидаты, доцент — Абдырасулова Э.К.

Подпись Абдырасуловой Э.К. заверяю
зав. общим отделом
И. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ. И.К. АХУНБАЕВА

Дата поступления
отзыва в ДС Д 13.18.580
18.03.2020 г.
Уч. секр.: Осмонбаева Э.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ